Үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү системасында педагогикалык колледждин туруктуу позитивдүү өнүгүшүнүн шарты жана каражаты болуп эсептелүүчү, педагогикалык колледждеги инновациялык ишмердүүлүк натыйжалуу болорун практика көрсөттү:

– эгер педагогикалык колледждеги инновациялык ишмердүүлүк процессинде Кыргыз Республикасындагы үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүүнүн системасына кошулган, орто атайын педагогикалык билим берүүнүн жаңы, заманбап системасы түзүлсө;

– инновациялык ишмердүүлүк педагогикалык колледждин билим берүү ишмердүүлүгүнүн компоненти болуп саналат: окутуунун салттуу жана жаңыланган формалары менен методдору билим берүүнүн өзгөртүлгөн мазмуну менен, жаңы окуу пландарын,, автордук программаларды киргизүү менен, жаңы предметтерди, атайын курстарды, факультативдерди киргизүү менен, жаңы адистиктерди жана специализацияларды киргизүүнүн эсебинен билим берүү кызматынын тизмесин кеңейтүү менен айкалышат;

– педагогикалык колледждин инновациялык чөйрөсүн өнүктүрүү колледждин уюштуруучулук-педагогикалык өзгөчөлүктөрүнө таянат, билим берүү процессинин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, келечектеги педагогдун кесиптик даярдыгынын сапатына, колледждеги педагогикалык процесстин субъектилеринин инновациялык потенциалын өнүктүрүүгө жана өзүн өзү өнүктүрүүсүнө жардам берет [6, 96-б.].

–

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдуллина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования: Для педагогических специальностей высших учебных заведений. М.: Просвещение, 1990. – 141 с.
2. Ангеловски К. Учителя и инновации: Книга для учителя. – М.: Просвещение, 1991. – 159 с.
3. Беспалько В.П. Слагаемые педагогической технологии. М.: Педагогика, 1989. – 192 с.
4. Громова Т.Н., Шелгунов В.С. Колледж и вуз в системе непрерывного педагогического образования // Начальная школа. – 1997. – № 12. – С. 6-8.
5. Карпова Т.И. Подготовка специалиста в колледже // Дошкольное воспитание. – 1993. – № 5. – С. 80-82.
6. Кузьмина Н.В. Методы исследовния педагогической деятельности. – Л.: ЛГУ, 1970. – 115 с.
7. Ярошенко Н. Г., Коломенская А.Л. Колледж как инновационный вид образовательных учреждений среднего профессионального образования // Инновации в российском образовании: Среднее профессиональное образование. – М.: МГУП, 1999. – С. 64-68.



УДК 93:378
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-152-157



**Молдокулова Д.Т., Өмүркул уулу К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, т.и.к., доцентинин м.а.,
И.Арабаев атындагы КМУ, окутуучу
**Молдокулова Д.Т., Омуркул уулу К.**
КГУ им. И.Арабаева, к.и.н., и.о.доцента
КГУ им. И.Арабаева, преподаватель
**Moldokulova D.T., Omurkul uulu K.**
KSU I. Arabaeva, Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor,

KSU I. Arabaeva, lecturer

# И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ ОРДУ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# РОЛЬ КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ И.АРАБАЕВА В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА И ЕГО ОСОБЕННОСТИ
# THE ROLE OF I.ARABAYEV KYRGYZ STATE UNIVERSITY IN THE FIELD OF EDUCATION IN KYRGYZSTAN AND ITS FEATURES

**Аннотация:** Макала И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын билим берүү тарыхындагы ордун, анын башка университеттерден

**Аннотация:** Статья посвящена исследованию роли Кыргызского Государственного университета имени И.Арабаева в истории развития системы образования Кыргызстана и изучению его особенностей өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө арналган.

**Abstract:** The article is devoted to the role of I.Arabaev Kyrgyz State University in the history of education in Kyrgyzstan, its features from other universities

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, жогорку окуу жайлар, университет, педагогикалык билим берүү, тарых, улуттук кадрлар, мектеп, мугалим.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, высшие учебные заведения, университет, педагогическое образование, история, национальные кадры, школы, учитель.

**Keywords:** Kyrgyzstan, higher education institutions, university, pedagogical education, history, national manpower, schools, teacher.

Кыргызстан эгемендүүлүгүн алгандан кийин мамлекеттин башка тармактары сыяктуу эле, билим берүү жаатында да көп өзгөрүүлөр болгон. Жогорку окуу жайлардын саны кескин өсүп, республиканын аймактарында да ачыла баштаган. Мисалга алсак, 1989-1990-окуу жылында 10 жогорку окуу жай болсо [1], 1992-жылы – 13, 1993-жылы – 18, 1994-жылы – 29, 1997-жылы – 37, 2000-жылы – жогорку окуу жайлардын саны 44кө жеткен [2]. Ал эми 2020-2021-окуу жылындагы маалымат боюнча бүгүнкү күндө Кыргызстанда 73 жогорку окуу жай бар, алардын 33ү - мамлекеттик, 40 - мамлекеттик эмес макамына ээ. Булардын ичинен 20 окуу жай республиканын аймактарында жайгашкан [3].

Азыркыга салыштырмалуу совет мезгилинде жогорку окуу жайлардын саны чектелүү болуп, мектепти бүтүргөндөрдүн 15% гана жогорку окуу жайларга тапшырууга мүмкүнчүлүк алышкан. 1992-жылдан баштап мамлекеттик жогорку окуу жайлар акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүгө укук алышкан. Ошентип Кыргызстанда контракттык негизде билим алуу өнүгө баштаган. Алсак, 1994-жылы бардык студенттердин 7,6% билим берүү кызматтары үчүн акы төлөшсө, 2005-жылы университеттердин кирешесинин 76% контракттык төлөмдөрдөн топтолгон [4]. Ал эми бүгүнкү күндө 2020-2021-окуу жылына берилген маалымат боюнча Кыргызстанда университеттерде 183 миң студент билим алса, алардын 16 пайызы мамлекеттин эсебинен, ал эми 84 пайызы контракттык негизде билим алат [5].

Университеттердин санынын өсүшү, 2002-жылы Жалпы республикалык тестирлөөнүн киргизилиши окуу жайлардын ортосунда курч атаандаштыкты алып келген. Мындай кырдаалга туруштук берип, университетти заман талабына жараша өнүктүрүп кетүү окуу жайлардын жетекчилиги, окутуучулар жамаатынан көп эмгекти талап кылат.

Ушундай курч атаандаштыкта совет мезгилинде түптөлгөн мамлекеттик окуу жайлардын бүгүнкү абалы кандай? И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мисалында карап көрмөкчүбүз.

Бул макала улуттук кадрларды даярдоого зор салым кошкон И.Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстандын билим берүү тарыхындагы алган ордун жана анын башка жогорку окуу жайлардан өзгөчөлөнгөн жактарын ачып берүүгө арналган.

**1.** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети – Кыргызстанда алгачкы түптөлгөн жогорку окуу жайлардын катарын толуктайт десек жаңылышпайбыз. Окуу жай Улуу Ата-Мекендик согуш маалында негизделген. Тажрыйбалуу мугалимдердин фронтко кетиши, улуттук кадрлардын жетишсиздиги, СССРдин борбордук райондорунан жаш балдардын, жаштардын эвакуацияланып келиши сыяктуу себептерден улам, ошол учурдагы оор кырдаалга карабастан, Кыргызстанда мугалимдерди даярдап чыгаруу иштери колго алынган. Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин 1944-жылдын 15-декабрынын №825-токтомунун жана Кыргыз ССРинин Кызыл профессорлор институтунун 1945-жылдын 19-январынын №11-буйругунун негизинде Кыз-келиндер педагогикалык училищасы ачылган. Эң алгач бул окуу жай кыргыз кыздарынын арасынан башталгыч класстын мугалимдерин даярдап чыгаруу максатында ачылган [6].

Түптөлгөн мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин окуу жайдын аталышы алты жолу өзгөрүүгө учураган:

– 1945 жылы - Кыз-келиндер педагогикалык училищасы;
– 1950 - Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институту;
– 1952 - В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту;
– 1992 - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту;
– 1994 - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университети;
– 2005 - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети [7].

**2.** Университеттин студенттеринин басымдуу бөлүгү – элет жергесинен келген жаштар. Бүгүнкү күндө Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча Кыргызстандын калкынын 66% - айыл калкы, 34% - шаар калкы түзөт [8]. Ал эми ошол айыл калкынын 80% - кыргыздар. Демек университетибиз мамлекетибиздин, улутубуздун өзөгүн түзгөн айыл жаштарын өнүктүрүүгө зор салым кошууда.

**3.** Бүгүнкү күндө окуу жайда окуп жаткан студенттердин басымдуу бөлүгү – кыздар. Тарыхка кайрылсак, окуу жай 1945-жылы түзүлгөндөн тартып 1992-жылга чейин кыз-келиндерге гана билим берип келген.

Нейробиолог, физиология жана медицина жаатындагы Нобель сыйлыгынын ээси Рита Леви-Монтальчини "Уулуңа билим берсең – билимдүү адамды аласың, кызыңа билим берсең – билимдүү аялды, билимдүү үй-бүлөнү, билимдүү коомду түзө аласың" деп айткан. Ал эми кыргыздар байыртадан "улутуңду сактайм десең кызыңды тарбияла" деп айтып келишкен. Демек коом түздөн-түз кыздардын – болочоктогу энелердин тарбиясына, билим деңгээлине көз каранды. Демек бул тараптан алганда да, Кыргызстандын тарыхы, бүгүнкү кыргыз коому үчүн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин орду өзгөчө.

**4.** Университет Кыргызстандын тарыхында педагогикалык кадрларды эң көп дайындаган окуу жайлардын катарына кирет.

2019-жылдагы маалымат боюнча Кыргызстанда мамлекеттик 2236 билим берүү мекемеси жана өзүн-өзү каржылаган 248 менчик мектеп бар [9]. Ал эми ошол мамлекеттик мектептердин 80% ашыгы элет жергесинде орун алган [10]. Ал эми И.Арабаев атындагы

КМУнун бүтүрүүчүлөрү республикабыздын бардык аймактарындагы 2000ден ашык мектептерде жана билим берүү мекемелеринде үзүрлүү эмгектенип келишет. Айрыкча алыскы аймактардагы мектептерди мугалимдер менен камсыз кылат [11].

Университет 75 жылдан ашуун башталгыч класстын мугалимдерин жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларын дайындап келет. Ушул мезгил аралыгында университет элибиз үчүн канчалаган адистерди дайындаганы айтпаса да түшүнүктүү. Мисалга алсак, 1990-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун бүтүрүүчүлөрү жалпы республикадагы физика-математика боюнча мугалимдердин 50% түзгөн [12].

**5.** Бүгүнкү күндө И.Арабаев атындагы КМУ Кыргызстандагы студенттеринин саны көп он университеттин катарына кирет. Алсак, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2020-2021-окуу жылындагы маалыматы боюнча университеттерде төмөндөгүдөй сандагы студенттер билим алган:

- Ош мамлекеттик университети – 36687 студент (2771 окутуучу);
- М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети – 20605 (448);
- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети – 17173 (1740);
- Кыргыз-өзбек университети – 14952 (383);
- Ош гуманитардык-педагогикалык институту – 13787 (261);
- И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети – 11850 (808);
- И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети – 10770 (852);
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети – 9297 (615);
- К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети – 8545 (611);
- Баткен мамлекеттик университети – 8338 (241);
- Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети – 8073 (1167);
- И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы – 7938 (1269) [13].

**6.** Экологиянын начарлашы, жакыр турмуш, стресс ж.б.у.с. себептерден улам дүйнө жүзүндө, анын ичинде Кыргызстанда мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын төрөлүүсү жылдан-жылга көбөйүүдө. Мисалга алсак, 2016-жылы Кыргызстанда 18 жашка чейинки мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны 23 миң 567ни түзсө [14], 2018-жылы алардын саны 29 миң 900гө жеткен [15]. Ошондон улам азыркы учурда инклюзивдик билим берүү маселесине өзгөчө көңүл бөлүнүп баштады. Инклюзивдик билим берүүнүн негизги идеологиясы – бардык балдарды дискриминациялоону жоюу. Башкача айтканда тил, улут, дене өсүшү, интеллектуалдык, психикалык өгөчөлүктөрүнө карабастан бардык балдарды билим берүү системасына кошуу болуп саналат. Ошол эле учурда аларды жалпы билим берүүчү мектептерге кошуп койбостон, аларга атайын шартты түзүп берүү негизги максаты болуп эсептелет. Мисалы, интеллектуалдык жактан жетишпеген бала болсо, ага атайын программа түзүлүш керек, мугалим тарабынан өзгөчө мамиле болуусун, окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Мунун баары инклюзивдик билим берүүдө каралган [16].

КР Билим берүү жана илим министрлиги мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын билим алуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу үчүн Кыргызстанда инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу боюнча концепциясын иштеп чыкты.

Бул багытта иш алпарууда да университеттин салымы зор. Тактап айтканда, 1984-жылдан бери өлкөбүздөгү атайын мектептер жана мекемелер үчүн адистерди (логопеддерди, сурдопедагогдорду, олигофренопедагогдорду) даярдап келе жаткан Кыргызстандагы негизги

окуу жай - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети. Кыргызстандагы мыкты логопед, дефектолог, сурдопедагог, олигофренопедагогдордун басымдуу бөлүгү – университеттин бүтүрүүчүлөрү.

Сөзүбүздү жыйынтыктасак, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети бүгүнкү күндө да өлкөбүздөгү мектеп жана мектепке чейинки мекемелерге педагогикалык кадрларды даярдаган негизги жогорку окуу жайлардын бири. Коом талабына ылайык башка бир нече кесиптик багыттар ачылып, ийгиликтүү иштеп жатат. Келечекте Кыргызстандын жаңы тарыхына да орчундуу салым кошкон окуу жайдан болоруна толук мүмкүнчүлүгү бар. Ушул максатта университет кадр тандоо саясатына дыкаттык менен мамиле кылуусу зарыл, анткени окуу жайлардын ийгилигинин негизги ачкычы – билими күчтүү окутуучулар жамааты экендиги баарыбызга маалым.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Осмонов Дж.О. История Кыргызстана(с древнейших времен до наших дней). Учебник для вузов. – Б.: 2008. 494-б.
2. Көрсөтүлгөн эмгек. 548-б.
3. 2020-2021-окуу жылына КР Жогорку окуу жайларынын маалыматтык каталогу. – Бишкек: КР ББжИМ, 2020. 5-б. // https://drive.google.com/file/d/1POANpMshU3JdUdxwAsyJfJcznKlvybXZ/view
4. Шаматов Д.А., Жоодонбеков А. Жалпы республикалык тестирлөө: талдоолор жана сунуштар // https://fhd.multiurok.ru/2020/01/22/s_5e27dea04b723/phpg9d9Fw_17.pdf
5. 2020-2021-окуу жылына КР Жогорку окуу жайларынын маалыматтык каталогу. – Бишкек: КР ББжИМ, 2020. 5-б. // https://drive.google.com/file/d/1POANpMshU3JdUdxwAsyJfJcznKlvybXZ/view
6. Абдыраева Ж. Кыргызстанда кыз-келиндерге педагогикалык билим берүүнүн калыптануу өбөлгөлөрү // http://www.arabaev.kg/jarchy.kg/admin-admin/fotogalere/1568373412.pdf .
7. Устав КГУ им. И.Арабаева. – Бишкек, 2019 // http://arabaev.kg; История КГУ имени И.Арабаева // http://arabaev.kg/?e8b21e13ffb61794833c93e774670f7c=bashy&id_blok=80.
8. http://www.stat.kg - Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
9. Менчик мектептердеги билим сапаты жана окуу акысы // http://kutbilim.kg/kg/2019/08/06/menchik-mektepterdegi-bilim-sapaty-zhana-okuu-akysy/ 06.08.2019
10. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/билим-берүү - КР ЮНИСЕФтин расмий сайты.
11. Толобекова Б. Акталган үмүттөр // Известия вузов Кыргызстана. - 2017. - № 5. 16-б.
12. Айтматова Р.Т., Арыкова А.И. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика кафедрасынын физика жана математика адистигиндеги мугалимдерди даярдоодогу тарыхы жана ролу // Известия вузов Кыргызстана. – 2017. - № 5. 15-б.
13. 2020-2021-окуу жылына КР Жогорку окуу жайларынын маалыматтык каталогу. – Бишкек: КР ББжИМ, 2020 // https://drive.google.com/file/d/1POANpMshU3JdUdxwAsyJfJcznKlvybXZ/view
14. Бозгунова К. Инклюзивдик билим берүү-өзгөчө муктаждыктагы балдардын чектөөлөрүн жоет // http://kg-law.journalist.kg/ru/2016/01/27
15. Кыргызстанда мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны 29,9 миңге жетет // https://24.kg/kyrgyzcha/102541_kyirgyizstanda_mumkunchulugu_chektelgen_baldardyin_sanyi_299_minge_jetet_/

16. Бозгунова К. Инклюзивдик билим берүү - өзгөчө муктаждыктагы балдардын чектөөлөрүн жоет // http://kg-law.journalist.kg/ru/2016/01/27

УДК 37
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-156-162

**Мусина Дария Сапарбековна**
«Балажан» - Республикалык окуу-методикалык эстетикалык тарбия берүү борбору, директор, пед.и.к.
**Мусина Дария Сапарбековна**
Республиканский учебно-методический центр эстетического воспитания «Балажан», директор, к.пед.н.
**Musina Daria Saparbekovna**
Republican educational and methodological center of aesthetic education "Balazhan", director, Candidate of Pedagogical Sciences

## ЕВРАЗИЯ МЕЙКИНДИГИНДЕГИ ЭЛЕТ БАЛДАРЫН ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛООДОГУ ЖАҢЫ ТАЖРЫЙБАЛАР.
## НОВЫЕ ПРАКТИКИ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ СЕЛЬСКИХ ДЕТЕЙ НА ЕВРАЗИЙСКОМ ПРОСТРАНСТВЕ.
## NEW PRACTICES OF AESTHETIC EDUCATION OF RURAL CHILDREN IN THE EURASIAN SPACE

**Аннотация:** Бул макалада баланы шайкеш өнүктүрүү үчүн артыкчылык маангиге ээ болгон Еврвзия мейкиндигиндеги элет балдарына эстетикалык тарбия берүүнүн жаңы практикалары аныкталган. Автор ЕАЭБ территориясындагы жалпы билим мейкиндигинин болушунун жана жакшырышынын маанлилүүлгүн өзгөчө белгилеген. Изилдөөлөр элет балдарына эстетикалык тарбия берүүдө жалпы көйгөлөрдү жана кошумча билим бернүн ролун аныктаган. Автор тарабынан кызматташтык жана эң жакшы тажрыйбаларды алмашуу аркылуу маселени чечүү сунушталган, ошондой эле балдарга кошумча билим берүү Евразия ассоциациясынын алкагында балдарды эстетикалык жактан өнүктүрүүдөгү артыкчылыктар жана ар тараптуу позитивдүү учурлар аныкталган. Эстетикалык тарбия берүү маселелериндеги Евразия мейкиндиги үчүн бирдей көйгөйлөр жана маанилүү милдеттер ачыкталган.

**Аннотация:** В данной статье раскрыты новые практики эстетического воспитания сельских детей на евразийском пространстве, имеющие приоритетное значение для гармоничного развития ребенка. Автором особо отмечается значимость наличия и совершенствования общего образовательного пространства на территории ЕАЭС. Исследования выявили общие проблемы и роль дополнительного образования в эстетическом воспитании сельских детей. Автором предложено решение вопроса через сотрудничество и обмен лучшими практиками, определены преимущества и разносторонние позитивные моменты для развития эстетического воспитания детей в рамках Евразийской ассоциации дополнительного образования детей. Выявлены единые для стран евразийского пространства проблемы и важнейшие задачи в вопросах эстетического воспитания детей на селе.

**Annotation:** This article reveals new practices of aesthetic education of rural children in the Eurasian space of priority importance for the harmonious development of the child. The author